УДК: 364-78:316.354.4:343.8
DOI: 10.35254/bsu/2023.66.14

***Эстебес уулу Т.***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# ПРОБАЦИЯ ТУТУМУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ИШТЕ ЫКТЫЯРЧЫЛАРДЫН ОРДУН ЖАНА РОЛУН ТАЛДОО

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада пробация тутумундагы социалдык иштердеги ыктыярчылардын орду жана ролу изилденет. Автор ыктыярчыл пробациянын кардарларын реоциалдаштыруу жана реинтеграциялоо программаларынын натыйжалуулугун жогорулатууда чоң роль ойной тургандыгын баса белгилейт. Макалада пробациянын кесипкөй кызматкерлери менен ыктыярчылардын ортосундагы кызматташтык ресурстарды оптималдаштырууга, ошондой эле укук бузуучуларды жакшыраак реабилитациялоого өбөлгө түзөрү аныкталган. Макалада Автор Швеция жана Япония сыяктуу өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдейт. Аталган өлкөлөрдө ыктыярчылар пробациянын кардарларына социалдык иш кызматтарын көрсөтүү үчүн активдүү тартылат. Ошондой эле Япониядагы ыктыярчылардын саны квалификациялуу жумушчулардын санынан ондогон эсе көп экени аныкталды. Ыктыярчылар кесипкөй кызматкерлер менен бирдей социалдык иш кызматтарын көрсөтүшөт. Андан тышкары, ыктыярчылар коомдун пробация кардарларына болгон мамилесин өзгөртүүгө жардам беришет.

**Түйүндүү сөздөр:** ыктыярчы, социалдык иш, кайра социалдаштыруу, реабилитация, кайра интеграциялоо, социалдык колдоо, социалдык адаптация, кызматташуу, пробация тутуму, пробациянын кардары.

***Эстебес уулу Т.***
*БГУ им. К. Карасаева*

# АНАЛИЗ МЕСТА И РОЛИ ВОЛОНТЕРОВ В СОЦИАЛЬНОЙ РАБОТЕ В СИСТЕМЕ ПРОБАЦИИ

**Аннотация**

Данная статья исследует место и роль волонтеров в социальной работе в системе пробации. Автор подчеркивает, что волонтеры играют большую роль в повышении эффективности программ ресоциализации и реинтеграции клиентов пробации. В статье выявляется, что сотрудничество между профессиональными работниками пробации и волонтерами способствует оптимизации ресурсов, а также обеспечивает более качественную реабилитацию правонарушителей. В статье автор изучает опыт таких стран, как Швеция и Япония. В указанных странах волонтеры активно привлекаются для оказания услуг социальной работы клиентам пробации. Также было выявлено, что число волонтеров в Японии в десятки раз превышает число квалифицированных работников. Волонтеры наравне с профессиональными работниками предоставляют услуги социальной работы. Более того, волонтеры помогают изменить отношение общества к клиентам пробации.

**Ключевые слова:** волонтер, социальная работа, ресоциализация, реабилитация, реинтеграция, социальная поддержка, социальная адаптация, сотрудничество, система пробации, клиент пробации.

***Estebes uulu T.***
*BSU named after K. Karasaev*

# ANALYSIS OF THE PLACE AND ROLE OF VOLUNTEERS IN SOCIAL WORK IN THE PROBATION SYSTEM

**Abstract**

The article explores the place and role of volunteers in social work in the probation system. The author emphasizes that volunteers play an important role in improving the effectiveness of programs for the re-socialization and reintegration of probation clients. The article reveals that cooperation between professional probation workers and volunteers contributes to the optimization of resources, as well as provides better rehabilitation of offenders. In the article, the author studies the experience of countries such as Sweden and Japan. In these countries, volunteers are actively involved in providing social work and probation services. It was also revealed that the number of volunteers in Japan is ten times higher than the number of qualified workers. Volunteers provide social work services on an equal basis with professional workers. Moreover, volunteers help to change the attitude of society towards probation clients.

**Keywords:** volunteer, social work, resocialization, rehabilitation, reintegration, social support, social adaptation, cooperation, probation system, probation client.

Пробациянын максаттарына көмөктөшүүчү негизги факторлордун бири – ыктыярчылардын социалдык иштерге жана көзөмөлгө активдүү катышуусу. Акыркы он жылдыктарда дүйнөлүк тажрыйба ыктыярчылардын пробация тутумуна кошкон салымынын олуттуу маанисин күбөлөндүрүп, укук бузгандарды натыйжалуу социалдык адаптациялоого жана кайра интеграциялоого көмөктөшүүгө мүмкүндүк берет.

Бул макала пробация тутумундагы социалдык иштеги ыктыярчылардын ордун жана ролун талдоого, алардын реабилитациялоо жана укук бузган адамдарды колдоо процесстерине тийгизген таасирин изилдөөгө багытталган. Биз дүйнөлүк тажрыйбаны, ошондой эле социалдык реабилитацияны жана көзөмөлдү камсыз кылуу процессинде ыктыярчылардын иши негизги ролду ойногон айрым улуттук моделдерди карайбыз.

Учурдагы изилдөөлөрдү, практикалык мисалдарды жана ыктыярдык иштин мыкты тажрыйбаларын талдоо менен, бул макала ыктыярчылардын пробация тутумунун натыйжалуулугуна кандай таасир этерин жана алардын катышуусу укук бузгандардын, алардын үй-бүлөлөрүнүн жана коомдун ортосундагы байланышты кандайча өркүндөтөрүн жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Ошону менен бирге биз ыктыярчылардын статусунун жана милдеттеринин өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле пробациянын көзөмөлүндө турган адамдар үчүн социалдык интеграцияны камсыз кылуудагы жана коом менен байланышты калыбына келтирүүдөгү алардын ролун карайбыз.

Пробация тутумундагы социалдык иштеги ыктыярчылардын ордун жана ролун изилдөө заманбап стратегияларды жана тажрыйбаларды иштеп чыгуу үчүн абдан маанилүү экенин баса белгилей кетүү керек. Ар кандай өлкөлөрдүн тажрыйбасын терең талдоо жана аны практикалык жактан колдонуу укук бузгандардын, коомдун жана пробация тутумунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жеңилдетип, социалдык реабилитациянын максаттарына жетүүгө жана укук бузуулардын кайталанышын алдын алууга жардам берет.

Абрарова З.Ф. социалдык чөйрөдө ыктыярчылар менен адистердин тыгыз кызматташуусу негизги аспект болуп саналаарын белгилейт [1, 508-б.]. Бул кызматташуу социалдык кызматкерлердин кесиптик көндүмдөрүн жана тажрыйбасын ыктыярчылардын шыктануусу жана ресурстары менен айкалыштырууга мүмкүндүк берет. Мындай өз ара аракеттенүү социалдык программаларды бекемдейт, аларды жеткиликтүү жана ар тараптуу кылат. Ошондой эле эки тараптын тажрыйбасын жана билимин байытат. Натыйжада көрсөтүлгөн социалдык кызматтардын сапаты жакшырып, муктаж болгондорго жогорку деңгээлдеги жардам көрсөтүлөт.

«Пробация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ыктыярчылар пробация тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат [2]. Кардарларга карата социалдык иштижүргүзүүдө ыктыярчылардын ролу олуттуу. Ыктыярчылар пробациянын кардарларына тарбиялык таасир этүүдө пробация органдарына колдоо көрсөтүшөт. Алар консультациялык юридикалык жардам берүү, социалдык адаптациялоо, үй-бүлөлүк, туугандык жана башка социалдык маанилүү байланыштарды калыбына келтирүү процессинде иш алып барышат [2, 29-берене]. Алардын катышуусу пробация тутумунун ишин күчөтөт жана байытат, укук бузган адамдарды коомго кыйла натыйжалуу реабилитациялоого жана ийгиликтүү кайра интеграциялоого өбөлгө түзөт.

«Токио эрежелери» да коомчулуктун катышуусун кубаттоону сунуштайт. Анткени ал олуттуу мүмкүнчүлүктөрдү берет жана пробациянын кардарлары менен алардын үй-бүлөлөрү жана коомдун ортосундагы байланышты чыңдоодо маанилүү ролду ойнойт [3, 17-б.]. Ошентип, коомчулуктун катышуусу пробация тутумунун максаттарына жетүү, натыйжалуу жана туруктуу жыйынтыктарды камсыз кылуу үчүн маанилүү курал болуп саналат.

Кыргызстанда пробациянын ар бир кардары үчүн социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы түзүлөт [2, 3-берене]. Бул программаны ишке ашыруу максатында ыктыярчыларга пробация кызматынын кардарлары жөнүндө маалыматтарды жана баалоолорду чогултууга, мүнөздөмөлөрдү түзүүгө, ошондой эле пробация органынын жана анын өкүлдөрүнүн атынан ар кандай мамлекеттик жана жеке менчик мекемелерге, уюмдарга жана ишканаларга талаптарды жана кайрылууларды киргизүүгө укук берилет. Алар пробация кызматынын кардарлары тарабынан коомдук тартипти жана программанын сакталышын талап кыла алышат, ошондой эле кардарларды моралдык ченемдерди бузган укук бузууларды жана аракеттерди жасабоого чакыра алышат [2, 31-берене]. Башка сөз менен айтканда, ыктыярчылар кардарларды реабилитациялоого жана коомго интеграциялоого көмөктөшүп, адеп-ахлактын жалпы кабыл алынган ченемдерин бузган укук бузууларды жана аракеттерди жасабоого түрткү бериши мүмкүн. Ыктыярчылар жеке колдоо программаларынын ийгиликтүү болушуна маанилүү ролду ойношот.

Ыктыярчылардын иш-аракеттери жооптуу иш болгондуктан, «Токио эрежелери» ыктыярчыларды кылдаттык менен тандап алууну, алардын кызыкчылыктарын жана табигый каалоолорун эске алуу менен кызматка алууну сунуш кылат. Өздөрүнүн конкреттүү милдеттерин аткарууну баштоодон мурун, аларга ар тараптуу даярдык көрсөтүлөт, ошондой эле колдоо жана консультация алуу үчүн компетенттүү органдарга кайрылууга мүмкүнчүлүк алышат [3, 19-б.]. Бул процесс ыктыярчылардын өз милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн керектүү көндүмдөргө жана ресурстарга ээ болушун камсыз кылат, ошондой эле алардын кесиптик жактан өсүп-өнүгүүгө даярдыгын камсыз кылат.

Ыктыярчылар жана жарандык демилгелер укук бузган адамдарды, анын ичинде альтернативдик санкциялар колдонулгандарды, ошондой эле мөөнөтүнөн мурда

бошотулган же жазасын өтөп бүткөндөрдү социалдык реинтеграциялоону камсыз кылууда аныктоочу ролду ойнойт [4, 18-б.]. Ыктыярчылар жана коомдук демилгелер бул адамдардын коомго ийгиликтүү ыңгайлашуусуна шарт түзүп, алардын байланыштарын калыбына келтирүүгө, көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана коомдун активдүү мүчөсү болууга жардам берет. Бул укук бузуулардын кайталанышынын азайышына өбөлгө түзөт, ошондой эле коопсуз жана инклюзивдүү коомду камсыз кылат.

Ыктыярчылардын коомдук санкциялардын жана жазалардын ишке ашырылышын башкарууга жана көзөмөлдөөгө кошкон салымы, өзгөчө, жалданган кызматкерлердин жетиштүү санын финансылык жактан колдоо мүмкүнчүлүгү жок болгондо кошумча мааниге ээ болот [5, 27-б.]. Ыктыярчылар кошумча ресурстар менен камсыз кылышат жана чектелген финансылык ресурстар менен болсо дагы, пробация тутумунун натыйжалуу иштешин камсыз кылышат.

Социалдык иш жана пробация тутумунун контекстинде Швеция ыктыярчыларды ишке тартуунун кеңири жана ийгиликтүү практикасы менен айырмаланат. Өлкөдө кесипкөй жумушчулар менен ыктыярчылардын кызматташуусу активдүү колдонулат жана бул ресурстарды башкарууну оптималдаштырууга жана жумуш милдеттерин кайра бөлүштүрүүгө алып келет.

Тыныбеков Н.Т. Швецияда пробация кызматтарына ыктыярчыларды тартуу практикасы кеңири жайылгандыгын белгилейт. Бул кесипкөй кызматкерлерге татаал учурларга жана соттолгондорду интенсивдүү көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет [6, 53-б.]. Башка авторлор Швецияда ыктыярчылар пробациялык көзөмөлдөгү адамдардын 40% көзөмөлдөө жана коштоо үчүн жооптуу экенин белгилешет [7, 111-б.]. Ыктыярчыларды тартуу ресурстарды пайдаланууну оптималдаштырууга жана жумуш тапшырмаларын кайра бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет. Натыйжада, жогорку квалификациялуу пробация кызматкерлери өзгөчө көңүл бурууну жана катуу көзөмөлдү талап кылган кардарларды натыйжалуу башкарып, жыйынтыгында реабилитацияны жана коомдогу коопсуздукту жакшырта алышат. Бул ыкма пробация кызматындагы адистер менен ыктыярчылардын кызматташтыгынын маанилүүлүгүн көрсөтөт.

Швецияда пробациялык көзөмөлдө турган адамдардын жетиштүү көп бөлүгү ыктыярчылардын көзөмөлүндө жана коштоосунда экендиги аныкталды. Бул ыктыярчылар коопсуздукту жана натыйжалуу реабилитацияны камсыз кылууда негизги ролду ойнойт дегенди билдирет. Бул ыкма адистер менен ыктыярчылардын ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камтыйт, бул социалдык иш жана пробация программаларынын жалпы ийгилигине өбөлгө түзөт.

Пробация кызматтары каржылык чектөөлөрдөн улам кызматкерлердин жетишсиздигине туш болгон жагдай көп кездешет. Кээ бир өлкөлөр бул көйгөйдү чечүү үчүн пробация кызматынын ишине ыктыярчылардын катышуусун камтыган схемаларды колдонушат. Бул контекстте Япониянын тажрыйбасы дүйнөдөгү эң ийгиликтүү жана натыйжалуу. Мисалы, Японияда кадимки жарандар ыктыярчы катары пробациянын кесипкөй кызматкерлери менен кызматташып, коом менен укук бузуучулардын ортосундагы ажырымды жоюуга жардам беришет. Бул жарандардын жана укук бузган адамдардын муктаждыктарын жана суроо-талаптарын канааттандырууга мүмкүндүк берет. 2017-жылы Японияда пробация кызматкери болуп иштеген 47,909 ыктыярчы болгон [8, 12-13-б.].

Пробация тутумундагы ыктыярчылардын жана адистердин биргелешкен иши кардарларды реабилитациялоо жана кайра социалдаштыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзөрүн белгилей кетүү маанилүү. Бул

симбиоз процесстин бардык катышуучуларынын ортосунда ишенимди жана түшүнүктү өрчүтүп, милдеттерди жакшыраак аткарууга жана гармониялуу коомду түзүүгө өбөлгө түзөт. Японияда пробация кызматынын ишине ыктыярчылардын активдүү катышуусу пробация тутумун жакшыртууга жарандарды тартуунун ийгиликтүү практикасын баса белгилейт.

Жапон пробация тутумунун таң калыштуу өзгөчөлүгү – пробация ыктыярчыларынын көп санына салыштырмалуу өтө аз кесипкөй пробация кызматкерлери дайындалат [9, 47-б.]. 2018-жылдын 1-январына карата өлкө боюнча 47,641 пробация ыктыярчылары болгон, ал эми пробация боюнча кесипкөй кызматкерлердин саны болгону 1,100 адамды түзгөн [10, 118-б.]. Жапон пробация тутумунун бул өзгөчөлүгү таң калыштуу жана өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Пробация ыктыярчыларынын санына салыштырмалуу бир кыйла азыраак кесипкөй пробация кызматкерлерин дайындоо жарандык коомдун пробация тутумун өркүндөтүүгө ийгиликтүү интеграциялангандыгын көрсөтөт.

Япониянын пробация кызматынын дагы бир өзгөчөлүгү – ыктыярчылар мамлекеттик кызматкер статусуна ээ. Бирок алар жеке жарандар статусун сактап калышат жана мамлекеттик кызматка мүнөздүү этикалык ченемдерге баш ийбестен, саясий иштерге катышуу эркиндигине ээ болушат. Кесипкөй пробация кызматкерлери катары алар эмгек акы алышпайт, бирок ыктыярчылар өз милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон каржы чыгымдардын ордун толтурууга укуктуу [11, 245-б.]. Ыктыярчылар пробация тутумуна натыйжалуу катышып, эмгек акынын расмий жоктугуна карабастан, кардарларды реабилитациялоого жана социалдык чөйрөнү жакшыртууга көмөк көрсөтүшөт.

Япониянын пробация тутумуна ыктыярчыларды тартуу тажрыйбасы дүйнө жүзү боюнча башка пробация тутумдарын байытуу үчүн кеңири колдонулушу жана потенциалы бар ийгиликтүү жана инновациялык практиканын мисалын көрсөтөт. Япониянын тажрыйбасы пробация кызматындагы адистер менен ыктыярчылардын кызматташтыгынын маанилүүлүгүн баса белгилеп, мындай демилгелер укук бузуучуларды натыйжалуу реабилитациялоого, коомдогу байланыштарды бекемдөөгө жана коопсуздукту камсыз кылууга өбөлгө түзөрүн көрсөтүүдө.

Ошентип, биз пробация тутумундагы ыктыярчылардын маанисин жана таасирин карап чыгып, алардын кардарларга тарбиялык жана социалдык таасир этүүдө, ошондой эле укук бузган адамдарды натыйжалуу реабилитациялоодо жана социалдык реинтеграциялоодо маанилүү ролун аныктадык.

Япония менен Швециянын мисалдары ыктыярчылардын катышуусу ресурстарды пайдаланууну жана жумуш тапшырмаларын бөлүштүрүүнү оптималдаштыра тургандыгын көрсөттү. Ыктыярчылар контролдоо жана коштоо сыяктуу стандарттуу тапшырмаларды аткара алышат, бул кесипкөй пробация кызматкерлерине татаал иштерге жана интенсивдүү көзөмөлгө көбүрөөк көңүл буруууга мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, пробациядагы ыктыярчылар кардарлар менен коомдун ортосундагы байланыштын ролун ойной аларын белгилей кетүү маанилүү, анткени алар жеке жарандар бойдон калууда, бул ачык жана ишенимдүү байланышты жеңилдетет. Алар социалдык ресурстарды жана пайдалуу маалыматтарды бере алышат, бул коомдун укук бузган адамдарга болгон мамилесин өзгөртүүгө жардам берет.

Жалпысынан пробациядагы ыктыярчылар кардарлар менен иштөөнүн маанилүү элементи болуп саналат жана кылмыш саясатынын адилеттүү жана натыйжалуу болушуна салым кошушат. Алардын тарбиячы, кеңешчи жана байланыштыруучу ролу укук бузган адамдардын социалдык адаптациясын жана калыбына келишин камсыз кылуу үчүн маанилүү.

### Адабияттар

1. Абрарова З. Ф. Роль добровольческого движения в современной социальной работе / З. Ф. Абрарова // Бюллетень науки и практики. – 2022. – Т. 8. – №. 12. – С. 508-511.

2. Закон Кыргызской Республики «О пробации» от 24 февраля 2017 года №34. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://continent-online.com/Document/?doc_id=34251536 (дата обращения: 10.11.2023)

3. Минимальные стандартные правила ООН в отношении мер, не связанных с тюремным заключением. Приняты резолюцией 45/110 Генеральной Ассамблеи от 14 декабря 1990 года. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/tokyo_rules.shtml (дата обращения: 17.10.2023)

4. Управление ООН по наркотикам и преступности. Меры, связанные и не связанные с лишением свободы. Социальная реинтеграция. – 2010. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://www.unodc.org/pdf/criminal_justice/10-52547_3_Custodial_3_ebook.pdf (дата обращения: 15.09.2023)

5. Управление ООН по наркотикам и преступности. Меры, связанные и не связанные с лишением свободы. Альтернативы тюремному заключению. – 2010.

6. Тыныбеков Н. Т. Практика применения пробации в зарубежных странах / Н.Т. Тыныбеков // Юридическая наука. – 2019. – №. 5. – С. 51-55.

7. Слабкая Д. Н., Новиков А. В. Гуманизация уголовного законодательства. Зарубежный опыт функционирования служб пробации / Д. Н. Слабкая, А. В. Новиков // Вопросы российского и международного права. – 2020. – Т. 10. – №. 3-1. – С. 106-114.

8. Международная тюремная реформа и Таиландский институт юстиции. Глобальные тренды в тюремной системе 2020. Краткий обзор. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://cdn.penalreform.org/wp-content/uploads/2020/04/Global-Prison-Trends-2020-RUSSIAN.pdf (дата обращения: 27.10.2023).

9. Watson A. Probation and volunteers in Japan / A.Watson //Advancing Corrections Journal. – 2019. – Т. 7. – С.46-59.

10. Kato S. Probation in Japan: Engaging the Community / S. Kato // Irish Probation Journal. – 2018. – Т. 15. - С.114-136.

11. Филоненко Т. В. Система пробации в Японии / Т. В. Филоненко // Вопросы российского и международного права, 2023. - № 4А. - Том 13. - С. 241-253. DOI: 10.34670/AR.2023.69.81.026.